Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.20.616 диссертациялык кеңештин эксперти - филология илимдеринин доктору, доцент Султанова Жыпар Оморовнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Капарова Чынара Абдылдаевна тарабынан берилген «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.10 - журналистика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүүсүн жана азыркы абалын изилдөө жүргүзүлөт.

**2. Иштин максаты катары** Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларыны эгемендүүлүк жылдардагы өнүгүү тенденциясын, мамлекеттик, улуттук, коомдук макам алуудагы абалын, ийгилик, кемчиликтерин жана маалыматтарды берүү ыкмаларын изилдөө эсептелет.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Телекөрсөтүүнүн теориялык негиздерин аныктаган илимий-изилдөөлөргө сереп жасоо;
2. Маалыматтык программалар түшүнүгүнө теориялык жактан мүнөздөмө берүү жана Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн маалыматтык программаларынын типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрүн талдоо;

Вход. № 172/06
« 10 » 01 2022 г.

3. "Ала-Тоо 24" телеканалынын маалыматтык берүүлөрүнүн мисалында маалыматтардын жанрдык жана типологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдөө;
4. Коомдук телекөрсөтүүнүн эгемендүүлүктөн кийинки өсүү эволюциясын жана өзгөчөлүктөрүн белгилөө;
5. Кыргыз телекөрсөтүүсү боюнча мыйзамдарды, алардын аткарылышындагы тенденцияларды, маалыматтык берүүлөргө таасирлерин жана эл аралык стандарттарды өздөштүрүү абалын талдоо;
6. Санариптик шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмаларын анализдөө жана практикалык сунуштарды берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертацияда кыргыз телекөрсөтүүсүнүн өнүгүшүнүн тарыхый жана практикалык тенденцияларына жана анын маалыматтык программаларына ар тараптуу талдоо жүргүзүлгөн.

Изденүүчү адегенде Кыргызстандагы телекөрсөтүүнүн өнүгүү процесстеринин теориялык негиздерин изилдеп, бул багытта (дүйнөлүк стандарттарды колдонуу менен) башка өлкөлөр менен салыштырма талдоо жүргүзүп, андан соң Кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү маалыматтык берүүлөрдү түздөн-түз практикалык изилдөөгө өтөт.

Бул контексте диссертант талдоодо дедукцияны ийгиликтүү колдонуп, негизги ыкма катары салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорду алганын баса белгилесе болот.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Иштин объектиси Кыргыз телекөрсөтүүсү жана анын маалыматтык программалары деп так көрсөтүлүп, иштин жүрүшүндө диссертациянын белгиленген максатына, милдеттерине толугу менен ылайык келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изденүүчү алты пункттан турган милдеттердин ар бирине журналистиканын салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык методдорун колдонуу менен илимий талдоо жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Чынара Капарова телекөрсөтүү чөйрөсүндөгү мыкты практик, диссертациясында ал өзүнүн практикалык

билимин тереӊ теоретикалык изилдөөгө айландырган Статистикалык маалыматты жыйноо үстүндө да кылдаттык менен иштегенин көрсө болот.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Телекөрсөтүүлөрдүн маалыматтык программаларынын өнүгүү тенденцияларын, коомдук телеканалдын ишмердүүлүгү эл аралык тажрыйбалар менен, ошондой эле маалымат программалары жергиликтүү телеканалдардын материалдары менен салыштыруу аркылуу талдоо Кыргызстандын тележурналистикасын изилдөөнүн актуалдуу багыты болуп саналат. Муну төмөнкү факторлор менен түшүндүрүүгө болот:

1. Телекөрсөтүү аудиторияны кеӊири камтуу менен адамдардын аӊ-сезимине таасир этүүчү күчтүү куралга айланып, коомдук пикирди калыптандырууда. Ошондуктан телекөрсөтүүгө мамлекеттүүлүктү бекемдөө, улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана укуктук коомду куруу ишинде өзгөчө чоӊ милдет артылган.
2. Коомдук телекөрсөтүүнүн табияты маалыматты ар тараптуу, объективдүү жана профессионалдык деӊгээлде жеткирүү мүмкүнчүлүгү менен өзгөчөлүккө ээ.
3. Эгерде Кыргызстан коомдук каналдын маалыматтарды берүү багытын өнүктүрүү идеясын коргогусу келсе, анда журналисттер жана коомдук ишмерлер, саясатчылар жана эксперттер, жарандар "коомдук телекөрсөтүүнүн модели кандай болушу керек, аны түзүүдө кандай проблемалар бар, кайсы жолду тандайбыз?" деген суроолорго жооп табышы керек. Бул демократиялык өлкө үчүн маанилүү болгон телеберүүнүн коомдук түрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө жана ишенимдүү маалыматтык базаны түзүп берүүгө чоӊ жардам берет.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сын анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертациялык эмгектин темасынын илимий жактан иштелип чыккан даражасы тийиштүү деӊгээлде көрсөтүлгөн. Диссертант темага байланышы бар адабияттарды мыкты пайдаланганын көрсө болот. Капарова Чынара Абдылдаевна тележурналистика жаатындагы ата мекендик жана чет элдик алдыӊкы эксперттердин эмгектерин жогорку деӊгээлде колдонуп жана өзүнөн мурункулардын тажрыйбасын тереӊ изилдегенин көрсөтүп, аны диссертациясынын темасын андан ары ачуу үчүн колдонгон.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу жана өз убактысында, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын тележурналистикасынын өнүгүүсү үчүн абдан пайдалуу эмгек деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште филология илимдеринин анын ичинде журналистиканын өнүгүпгү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

3.1. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, анда илимий негизде биринчи жолу кыргыз телеберүүсүндө маалыматты чагылдыруу жана жайылтуу маселелерин кеңири талдоо жүргүзүлүп жаткандыгында турат. Бул изилдөө төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- Мамлекеттик, коомдук жана жеке менчик телеканалдардын маалыматтык кызматтарынын ишмердүүлүгү анализденип, алар социалдык, саясий, маданий ж.б. мааниси бар тигил же бул окуяны кандай чагылдырганынын салыштырылышы.
- Социалдык-саясий курч кырдаалда маалыматтык кызматтардын ишмердүүлүгүн уюштуруудагы өзгөчөлүктөрү изилдениши жана маалыматтык программанын жанрдык-тематикалык багыттарына мүнөздөмө берилиши, жаңылыктар программасын түзүү спецификасы аныкталышы.
- Журналистиканын эл аралык стандарттары Кыргызстандагы коомдук телеканалдын тажрыйбасынын алкагында изилденип чыгышы.
- Санариптик доордо мамлекеттин маалыматтык саясатынын ишмердүүлүгүнө, телекөрсөтүүнүн маалыматтык программасынын материалдык-техникалык камсыздалышына, кадрларды окутуу жана билимин жогорулатуу алкагындагы аракеттерине көнүл бурушу.

3.2. Диссертацияда колдонулган дедукция, салыштырма-тарыхый жана салыштырма-типологиялык анализдин методдору изилдөөнүн жүрүшүндө өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөтүп, туура тыянак чыгарууга алып келген жакшы аргументтөө көрсөткүчү болуп калды.

3.3. Капарова Чынара Абдылдаеванын Кыргызстандагы телекөрсөтүүнүн жана маалыматтык программалардын өзгөчүлүктүрүнө арналган бул чөйрөдөгү жаңы изилдөөсү оң пикирге татыктуу.

Диссертант өзүнүн ишинде колдонгон методдор жана адабият иштин ишенимдүүлүгүн жана жогорку теоретикалык дэңгээлин көрсөтөт.

3.4. Диссертацияда журналистика үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй квалификациялык белгилер бар:

1. Кыргыз тележурналистикасындагы курч маселелер жана көйгөйлөрчагылдырылган.
2. Диссертациянын жыйынтыктары журналистика үчүн маанилүү.
3. Диссертациянын жыйынтыктары кыргыз журналистикасында колдонууга ээ.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

1. Жогорку окуу жайларынын журналистика жана телекөрсөтүү адистиги боюнча окуу программаларын жана окуу куралдарын түзүүдө пайдаланса болот.

2. Журналистика адистиги боюнча студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот жана теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулду:**

1. Кыргыз телевидениесиндеги маалыматтык программалар [Текст] / Ч. А. Капарова // Сб. мат. X междунар. конф. студентов и молодых ученых «Наука и образование - 2015». - М.: Евразийский национальный ун-т им. Л.Н.Гумилева, 2015. – С. 2401-2404.
2. Сүйлөшүү маданияты - ийгилик башаты [Текст] / Ч. А. Капарова // Вестник КНУ. – 2016. – №4 (88). – 122-129-бб.
3. Санарип технологиянын шартында жаш муундарды тарбиялоонун мааниси (КР КТРК мисалында) [Текст] / Ч.А.Капарова // Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясынын кабарлары. - 2018. - №1(44) – 84-90-бб.
4. Коомдук телевидениенин стандарттары жөнүндө [Текст] / Ч.А.Капарова // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2018. - №3 –197-201-бб.
5. Маалымат таратууда өзгөчөлүктөр жана көйгөйлөр [Текст] / Ч.А.Капарова // Известия вузов Кыргызстана. - 2018. - №3 - 153-158-бб.
6. Кыргыз телевидениесинин тарыхына карай [Текст] / Ч.А.Капарова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2018. – №6. – 172-175-бб.
7. Кыргызстандын маалымат каражаттары: изилдөөнүн теориялык аспектилери [Текст] / Ч.А.Капарова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2018. - №5. - 206-2010-бб.
8. Телекөрсөтүүдө алып баруучунун образы [Текст] / Ч.А.Капарова // Вестник КНУ им.Ж.Баласагына. - 2019. –№3 (99). - 49-53-бб.
9. Международный стандарт и становление общественного телевидения в Кыргызстане [Текст] / Ч.А.Капарова // Известия вузов Кыргызстана. - 2021. - №1 - С. 266-270.
10. Кыргыз телекөрсөтүүсүндөгү маалыматтык жанрлар (КТРКнын «Ала-Тоо 24» телеканалынын мисалында) [Текст] / Ч.А.Капарова., Ш.А.Костюк // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - №4. - 2021. – 322-327-бб.
11. Санарип технологиялардын коомдук телевидениенин өнүгүшүнө тийгизген таасири [Текст] / Ч.А.Капарова // Alatoo Academic Studies. - 2021. - №3. – 294-302-бб.
12. Влияние цифровых технологий на развитие общественного телевидения (ОТРК КР) [Текст] / Ч.А.Капарова // Вестник Евразийского национального университета им. Л.Н. Гумилева. № 2(135)/2021-2021, 10.32523/2616-7174-2021-135-2-43-48. «Глобальная наука и инновация 2021:

Центральная Азия» №2 (13) июнь 2021. Серия «Журналистика». Нур-Султан, Казахстан.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр:**

Эмгекте олуттуу мүчүлүштүк жок. Айрым каталар кездешет:

- Кээ бир барактарда шилтемелер кыргызча [б], башкаларында орусча [с] деп жазылган (13-14 б.).
- Таблицалардын иреттик сандары кайталанып калган (120 б, 146 б).
- Фактологиялык так эместиктер табылган. Мисалы: Турдумамбет Кадыровдун аты жана анын диссертациясынын аталышы туура эмес жазылып калган (15 б.)

Бирок бул каталарды оңой оңдосо болот.

**7. Сунуштар:**

***Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштар.***

Бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасын бекитүү сунушталат.

**Биринчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин доктору, профессор **Сабирова Венера Кубатовна** (журналистика боюнча эмгектери: Публицистика как средство в диалоге культур// Филологические науки. Вопросы теории и практики.- Тамбов: Грамота, 2014.X8(38); в2-х ч.-1.1,С.135-138 (ВАК, РИНЦ); Публицистичность фольклорной поэтики в кыргызской диаспоре.// Вестник КРСУ. - №9. -Бишкек, 2014. - С. 182-187. (ВАК, РИЩ); Место русского языка в публицистике Чингиза Айтматова.// Совр. проблемы соц. проблем, № 3 (19), 2014 (РИНЦ), автореферат боюнча шифры - 10.01.10) сунушталат.

**Экинчи расмий оппонент** катары филология илимдеринин кандидаты, доцент **Асанова Алтын Асановна** (кандидаттык диссертациясы: Чингиз Айтматов - публицист: автореферат дис. ... кандидата филологических наук/ МГУ им. М. В. Ломоносова. Фак. журналистики. Каф. истории парт.-сов. печати. - Москва, 1989. - 23 с., автореферат боюнча шифры - 10.01.10) сунушталат.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациянын түзүмүн, стилистикалык аспектилерин оптималдаштыруу жана шилтемелерди текст боюнча бөлүштүрүү ылайык болот.

Биринчи бөлүмдүн экинчи параграфынын аягы өтө саясатташкандыгын (47 б.) белгилей кетүү керек.

Диссертациянын орус тилиндеги авторефератын редакциялоо үстүнөн кылдаттык менен иштеп чыгуу сунушталат.

**9. Корутунду**

Бул диссертация Кыргызстандагы коомдук телекөрсөтүүнү көп тараптуу изилдөө, маалыматтык телепрограммаларды талдоо боюнча биринчи толук масштабдуу иш болуп эсептелет. Бул тема боюнча изилдөөлөр журналистика чөйрөсүндөгү илимий өнүгүү үчүн абдан маанилүү жана актуалдуу экендигин белгилеп кетиш керек. Бул контекстте диссертация жогорку теориялык жана практикалык мааниге ээ.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып,** КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.20.616 диссертациялык кеңешине 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы (КТРКнын мисалында)»** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт,**
**филология илимдеринин доктору** **Султанова Жыпар Оморовна**

**Х ,** **18.12.2021**

**Эсперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:**

**Д 10.20.616 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**